**№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин профилактикалык кеңешинин 5 жылдык ишине отчет-анализ.**

Профилактикалык кеңешме боюнча Жобонун негизинде иш алып барат.Жобонуну негизинде ар жылы профилактикалык кеңешменин түзүмү бекитилип, профилактикалык кенешменин төрайымы(төрагасы). катчысы дайындалат.Профилактикалык кенешменин планы иштелип чыгып, пландын негизинде каралуучу маселелердин багыттары аныкталат.Ал багыттар мурунку жылдын профилактикалык кенешмеде каралган маселелердин негизинде аныкталат.Пландан тышкары келип чыккан көйгөйлөр каралат.Планда ар бир айда бир отурум, зарыл болгон учурда андан көп отурумдар өтөт.

2018-жылдан 2022-жылга чейинки профилактикалык кеңешменин ишинде каралган маселелер төмөндөгүдөй:

2017-2018-окуу жылында бардыгы 17-окуучу каралып, алардын ичинен сабагынан жетишпеген окуучулар -4, балдарга үстөмдүк кылуу -4, сабак калтыруу-1, уурулук-3, өз ара чатакташуу-5 окуучу каралган.

ИДНдин көзөмөлүндө окуучу катталбаган.

2018-2019-окуу жылында 7-окуучу каралса , алардын ичинен -2 окуучу сабагынан жетишпегендиги үчүн, балдарга үстөмдүк кылгандыгы үчүн -1, түнкү убакта жүргөндүгү үчүн 3, кыздар арасында үйүнөн качкан-1 окуучу.

ИДНдин көзөмөлүндө окуучу катталбаган.

2019-2020-окуу жылында:

3- окуучу уурулук боюнча , түнкү убакта жүргөндүгү боюнча 3-окуучу, үйүнөн качкан кыздар арасында 1- окуучу кыз. Сабагынан жетишпегендиги боюнча 3-окуучу каралды.

ИДНдин көзөмөлүндө окуучу катталбаган.

2020-2021-окуу жылында:

Сабагынан жетишпегендиги боюнча 2-окуучу, сабак калтыруу боюнча 3 окуучу, өз –ара чатакташуу боюнча -2 окуучу каралды.

ИДНдин көзөмөлүндө окуучу катталбаган.

2021-2022-окуу жылында:

Балдарга үстөмдүк кылгандыгы боюнча 1-окуучу, түнкү убакта көчөдө жүргөн 3-окуучу, сабагынан жетишпеген 2-окуучу, каралды.

Профилактикалык кеңешмелерде эң көп каралган окуучулар сабагынан жетишпеген окуучулар болгондугун байкоого болот.Буга себеп ата-энелердин балдарына көп көңүл бурбагандыгы. Ооган-Талаа айылында көпчүлүк ата-энелердин туруктуу жумуш менен камсыз болбогондугу да таасирин тийгизип жаткандыгын байкоого болот.

Ички жана тышкы миграция, анын негизинде туугандарынын колунда калган балдарда да же сабагынан, же жүрүм –турумунан да көйгөйлор жаралат.Айрыкча чоң ата, чоң эне, таененин

колундагы балдар алардын тилин укпай, баш бербей коюп жатышат.Тайенесинин колунда тарбияланып жатып үйдөн качкан бир окуучу кыз катталды.

Айрыкча пандемия учурунда сабактарга катышпаган окуучулар да кескин өскөндүгү байкалды. Себеби онлайн окутууда окуучулардын, ата-энелердин жоопкерчилиги азайып, билим сапатынын түшүп кетишинин негизги себептеринин бири болуп калды. Ал эми пандемиядан кийинки, салтуу окутууга келгенде окуучулардын билиминин деңгээли эле эмес, тарбиялык деңгээли да түшүп кеткени байкалды.пандемиядан кийинки салттуу окууда бирин-экин насвай чеккен окуучулар табылды. Сигаретке кызыгуу өсүп, өспүрүмдөр көнүп калуу деңгеээлине жетпесе да, тартып көрүү, колдонуп көрүүгө кызыктар окуучулар менен жекече аңгемелешүүлөр. Ата-энелерине билдирүү, көзөмөлдү күчөтүү жумуштары аткарылды.

Соц педагог: Зарина Самидинова.